***DOI:10.26104/NNTIK.2023.22.45.076***

***Сатыжыоглу Хүсейин***

# ТҮРК ФОЛЬКЛОРУНДА БЕШИК ЫРЛАРЫ АРКЫЛУУ ТАРБИЯ БЕРҮҮ

***Сатыжыоглу Хусейин***

# ВОСПИТАНИЕ ЧЕРЕЗ КОЛЫБЕЛЬНЫЕ ПЕСНИ В ТУРЕЦКОМ ФОЛЬКЛОРЕ

***Satıcıoğlu Hüseyin***

# EDUCATION THROUGH LULLABIES IN TURKISH FOLKLORE

*УДК: 39(575.2)*

*Бешик ырлары – адамдар өмүрүндө алгачкы жолу угуп, андан соң анын таасири астында дагы бир канча убакыт бою калган адабий жанрдын бир түрү. Бешик ырлары – кичинекей балдарды уктатып жатканда акырын ырдалуучу элдик ырдын бир түрү гана болбостон, коомдун маданий коддорун жана баалуулуктарын камтыган фольклордук жанр. Бул ырчы менен угармандын ортосунда кайталангыс байланыш түзүү менен бирге, адамды келечекте жашай турган коомунда жашоого даярдоонун эң маанилүү куралдарынын бири. Адам өмүрүндө алгачкы сөз менен эне тилин, коомдук тыюулар жана баалуулуктар, табияттын маңызы сыяктуу түшүнүктөрдү өздөштүрүп, эмгек турмушундагы түшүнүктөр менен таанышат – ошонун бардыгы бешик ырлары аркылуу ишке ашырылат. Бешик ырлары улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды коомдун жаңы мүчөлөрүнө жеткирүүгө умтулат; музыкалык-эстетикалык кызыкчылыкты гана көздөбөстөн, коомго пайдалуу инсандарды тарбиялоо максаттарын дагы коет. Кеңири ааламдашуу жүрүп жаткан азыркы дүйнөдө жергиликтүү маданияттар тездик менен жок болуп баратат, ошондуктан бул макалада бешик ырларын илимий чечмелөө фольклордук көз караштан гана эмес, ошондой эле педагогика, социология жана психология тарабынан да изилденүүсү кажет.*

***Негизги сөздөр:*** *фольклор, элдик оозеки чыгармачылык, балдар адабияты, ыр, бешик ыры, тарбия, адеп-ахлак.*

*Колыбельные – это литературный жанр, с которым люди сталкиваются впервые в жизни и под влиянием которого остаются еще какое-то время. Колыбельные – это не просто разновидность народной песни, которую негромко поют, укладывая спать маленьких детей, а фольклорный жанр, содержащий в себе культурные коды и ценности общества, из которого он возник. Помимо установления уникальной связи между поющим и слушателем, это один из важнейших инструментов подготовки человека к жизни в обществе, в котором он будет жить в будущем. Человек с первыми словами в своей жизни изучает родной язык, такие понятия, как социальные табу и ценности, сущности в природе, знакомится с понятиями о трудовой жизни – и все это посредством колыбельных. Колыбельные стремятся передать национальные и общечеловеческие ценности новым членам общества; преследуя при этом не только музыкально-эстетические интересы, но и ставя цели воспитать полезные для общества личности. В современном мире, где происходит повсеместная глобализация, локальные культуры быстро исчезают, поэтому в данной статье научная трактовка колыбельных осуществляется не только с точки зрения фольклора, но и с точки зрения педагогики, социологии и психологии.*

***Ключевые слова:*** *фольклор, устная народная литература, детская литература, стих, колыбельная, воспитание, мораль.*

*Lullabies are a literary genre that people encounter for the first time in their lives and under the influence of which they remain for some time. Lullabies are not just a kind of folk song that is sung softly when putting small children to bed, but a folklore genre that contains the cultural codes and values of the society from which it arose. In addition to establishing a unique connection between the singer and the listener, this is one of the most important tools for preparing a person for life in the society in which he will live in the future. A person with the first words in his life learns his native language, such concepts as social taboos and values, essences in nature, gets acquainted with the concepts of working life and all this through lullabies. Lullabies seek to convey national and universal values to new members of society; while pursuing not only musical and aesthetic interests, but also setting goals to educate individuals useful to society. In the modern world, where widespread globalization is taking place, local cultures are rapidly disappearing, therefore, in this article, the scientific interpretation of lullabies is carried out not only from the point of view of folklore, but also from the point of view of pedagogy, sociology and psychology.*

***Key words:*** *folklore, oral folk literature, children's literature, verse, lullaby, education, morality.*

Бешик ырлары эненин баласын уктатуу үчүн обон созуп ырдаган элдик-оозеки чыгармачылыктын бир түрүнө кирет; эне баласына болгон сезимдерин, сагынычын, үмүтүн, тилектерин, сүйүнүчүн, кайгы-кубанычын бешик ырларында чагылдырат [1, 11-б.]. Адам баласы музыканы жана ырды ымыркай бала кезинде бешик ырлары аркылуу тааныйт; кошок ырлары менен бул дүйнөдөн узатылат. Адам баласынын жашоосунда бешик ырларынын мааниси абдан чоң. Бала туулган күндөн баштап эне тилин угуп жана үйрөнө баштайт. Алгачкы мугалими энеси болот. Бул себептүү адамдын эң алгачкы үйрөнгөн тилин «эне тили» деп аташат. Энелер бешиктеги ымыркайга эне тилин бешик ырларынын жардамы аркылуу үйрөтүшөт. Балдар угуу, кабыл алуу, ойлорун жана тажрыйбасын бөлүшүү жолу менен үйрөнүшөт. Кийинчерээк бул мугалимдердин катарына аталары жана башка үй-бүлө мүчөлөрү кошулат. Бала улам чоңойгон сайын коомдук чөйрө жана мектептегилер да кошулат. Балдар эне тилин үйрөнүүсү үчүн ымыркай кезинен баштап көрүнүүчү жана угулуучу нерселерди кабыл алуулары керек. Ыр, бешик ыры, акыя, табышмак, жаңылмач жана элдик ырлар сыяктуу эне тилдин сөз казынасы бул үчүн керек болгон нерселер [2, 72-б.]. Бешик ырлары ушул жагынан дагы үйрөтүүчү өзгөчөлүк

ташыйт. Бешик ырлары баланын угуу маданиятынын түптөлөшүнө жардам берет деп айтсак болот. «Бала музыкалык ырахатты бешик ырлары аркылуу эне тилинде жана энесинин кучагында алат» [3, 63-б.]. Эне баласын уктатып жатканда ритмдерди өзгөртүп баланын тынч же тынчсыз абалына жараша үн тонун өзгөртөт; баланын көзү уктай баштаганда, үнүн акырындатып бешик ырын ырдаганды токтотот. Бешик ырлары тилдин жардамы менен курулган символикалык белгилерге бай. Ушул себептүү бешик ырлары сөзү жана обонунан тышкары эненин рухий акыбалы, тажрыйбаларынан кабар берген мүнөзгө ээ. Бешик ыры баланын акыл-эсине кабыл алынган биринчи турмуштук сабагы болуп эсептелет. Бир тараптан эненин мээримин жана сүйүүсүн камтыган бешик ырларын баланын обон коштоосунда угуп баштоосу балада жакшы көрүү сезимин ойготот. Эне тилдин ыргактарын түшүндүрүүдө бешик ырларынын салымы абдан чоң. Тили чыккандан баштап баланын тили жана табиттери калыптанат. Балдардын алгачкы кабыл алуусу кулактын жардамы менен болгондуктан бешик ырларынын салымы чоң мааниге ээ [1, 10-б.].

Бүгүнкү күндө баланын рухий дүйнөсү жана тарбиясы үстүндө иштегендер да бешик ырларынын маанисин белгилеп, балдарга энелери тарабынан бешик ырларынын ырдалуусу керек экендигин айтышат. Туулгандан жети жашына келгенге чейинки мезгил баланын кулк-мүнөзү калыптанып калган убакыт болуп саналат. Ушул себептүү, туулгандан төрт-беш жашына чейин балага ырдалуучу бешик ырларынын, андан кийин айтылуучу жомок жана аңгемелердин мааниси абдан чоң. Бешик ырларынын дагы бир маанилүү тарабы тил үйрөнүү менен байланыштуу. Сөзсүз түрдө бала өзүн курчаган чөйрөнүн маданий өзгөчөлүктөрүн кабыл алып жатканда ал чөйрөгө жараша тилин да үйрөнөт. Мунун жыйынтыгында кыймыл-аракеттери, ошондой эле чөйрө менен мамилеси өнүгөт. Терең мааниге ээ болгон бешик ырлары менен бирге элдик адабияттын негизги элементтери эне тилди үйрөнүүгө таасир берет. Мындай таасир сөздөрдөгү басым, гармония, жандануу, үндүн тону жана тулку-бойдун тили сыяктуу элементтерден жаралат. Тил үйрөнүү жана үйрөтүү ошол эле учурда маданиятты үйрөтүү жана аны кабыл алуу болуп саналат. Ар бир коомчулук маданиятын тилдин жардамы менен урпактарга өткөрүп берет. Калктын сезимдери, философиясы, дүйнө таанымы, жашоо образы, кызыкчылыктары, чыгармачылык түшүнүктөрү; кыскасы материалдык жана руханий баалуулуктары элдик оозеки адабияттын ичинде камтылган. Бешик ырларында сүйүү бар, болгондо да чын жүрөктөн чыккан эненин ыйык сүйүүсү. Бешик ырлары менен бирге эненин ысык кучагы жана эне жыты бизди күлүмсүрөткөн таттуу уйкуга бөлөйт [2, 73-б.]. Эне боюндагы бала менен сүйлөшөт; ага бешик ырын ырдап берет. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде эненин кош бойлуу кезинде баласына бешик ырларын ырдоосу, ал менен баарлашуусу жалгыз гана сүйүү сезимин билдирүү эмес экенин, аны менен бирге эне тилинин сырларын үйрөтүү экендиги далилденген.

Бешик ырлары урпактан урпакка өтүп турган, обондору менен балдарда таасир жараткан, коомдук маданиятты чагылдырган элдик чыгарма. Айрыкча кичинекей кыздар эки-үч жашынан баштап куурчактары менен ойноп жатканда аларга бешик ырын ырдап беришет. Бешик ырларынын жөнөкөй, бир калыптагы обондору балдардын музыка жана ыр менен таанышуусуна шарт түзөт. Бешик ырлары баланын алгачкы музыкалык жөндөмүнүн жана эс-тутумунун өнүгүүсү үчүн да маанилүү. Жогоруда айтылгандардын баардыгы балдардын угуу жана сүйлөө жөндөмүнүн калыптануусу үчүн да чоң роль ойногонун көрсөтөт [4].

Балдарды уктатуу үчүн белгилүү обондор менен ыр түрүндө айтылган бешик ырлары баланын узун өмүрлүү болушу, көз тийүүдөн жана ооруу-сыркоодон алыс болуусу, көп ыйлабай, тез чоңойуп, ырыскешиктүү болушун тилеген төкмө иретинде ырдалат. Балдарды уктатууда кана эмес, ойготууда да бешик ырлары ырдалат: «Ушул тоодон чыктым жөө / Кел бул кайгыга чыда / Балам уйкудан ойгон / Нинни-нинни балам нинни-нинни! /». Жакшылап анализдеп көргөндө бешик ырлары ымыркайларды жана балдарды уктатуудан да мурда аларды тарбиялоо, тил жана маданияттын негиздерин үйрөтүү үчүн ырдалганы баарыбызга маалым: «Баламдын колдору кичинекей / Муштумдары кичинекей / Мурду кичинекей / Бираз укта, тез чоңой бираз / балам нинни-нинни! / балам нинни-нинни!». Бешик ырларындагы кээ бир адеп-ахлактык баалуулуктарды мазмундарына жараша, мисалдарды колдонуп төмөндө чечмеледик:

**1.1. Сүйүү-мээрим:** Бешик ырлары, энелерибиздин сүйүү дубалары, эне-бала арасындагы сүйүү атмосферасы, мээримге толгон ырлар жана дубалар. «Балам мен сага / Бешик ырын ырдайын / Кайгысыз болуп өтүп кет / Бул дүйнө сапарындан / Аллахым сени коргосун / Жер жүзүндө жамандыктан / Башканы ээрчибе / Эч кимди капа кылба нинни-нинни»(1, 84). Бул мисалда берилген дубанын жанында балага кең пейилдүүлүк да кааланган «Термел термел селкинчек/ Менин уулум бек болот / Эр жетип, билим алат / Мээримдүү болот» деген саптар орун алган.

**1.2. Мистика:** Бешик ырларын ырдап башталганда айтылган «хю хюхю» добушу жөн эле маанисиз добуштар эмес, анын түпкүрүндө мистика жатат. «Хю, хю дервиштер / Кудай жолуна киргендер / Бешик ырын ырдайын уктап кал / Кичинесин чоңойгун / Эртеңки күндөргө жөнө / Сулуу балам нинни-нинни / Жатып жатып чоңойгун/ Тез-тез кадам таштагын / Нинни-нинни менин жигит уулум нинни-нинни».

«Хю, Хю Аллах бир Аллах / Сен уйкуга бөлө Аллах / Уулум чоңоёт буюрса/ Баары десин машаллах/ Эээ. Эээ. Эээ» [5, 149-б.]. Маалымат-билим: Бешик ырларынын айрымдары баланы мектепке жана илим-билимге шыктандырууга багытталган. «Ал атасы, ал атасы / Боркогунду даярда атасы / Баланды мектепке даярда / Китеп ал да сал атасы/ Кичинекей колдору / Эки тарабына жайылган / Башын жаздыкка койгон / Таттуу уктап жатат / Эээ балам, эээ, эээ, эээ» [1, 64-б.]. «Менин балам уктап калат / Уктап уктап чоноёт / Мектептерге барат / Чоң адам болот / Нинни-нинни балам» [1, 103-б.]. Бул мисалда эне баласынын билимдүү болуусу жана жакшы кызматтарда иштөөсү үчүн мектепке баруусу керек экендигин бешиктеги баласына түшүндүрүүгө аракет кылат.

**1.3. Дин:** Диний тарбия өзгөчөлүгүнө ээ бешик ырлары абдан маанилүү ролго ээ. «Аллах улуу / Жер ырыскыга толгон / Менин сулуу баламдын / Жолу Ислам жолудур / Эээ, эээ, эээ, э» [1, 86-б.]. Эне балага ишенимдерин жана жашоо образын бул адабият түрүнүн жардамы менен түшүндүрөт. «Ыйыктардын кылычы / 9-асманга чыгат бир учу / Баардык дарттын дабасы / Ля илаха иллаллах / Кызым уктап калат иншаллах». «Амине апа энеси / Ал энелердин өзгөчөсү / Отурган жери берметтен / Ненни Мухаммедим, ненни / Укта жаным балам Ахмедим, нени / Тууган энен сүйүнсүн/ Баккан багуучуң мактансын/ Бешик дагы мактансын / Ненни Мухаммедим, нени / Укта жаным балам Ахмедим, нени» [1, 75-б.] Бул мисалда эне мусулмандар үчүн абдан маанилүү болгон Азирети Мухамметтин жашоосун баласына ал кичине кезинде эле түшүндүрүп баштаган. «Маңдайда айва өскөн бактар бар / Сууда ойношот балыктар / Уулум абдест алат / Элдер чүпүрөк бергиле» деген саптардан диний тарбиялык жагынан маңыздуу экени көрүнүп турат.

**1.4. Эмгекти сүйүү:** Бул сапат адамдын өзүнө, үй-бүлөсүнө жана коомго пайдалуу болуусу жана жашоосун идеалдуу түрдө улантуусу учун абдан чоң мааниге ээ. «Уулум, уулум ал уулум, очогунда кал уулум / Атаң эми карыды / Иш-күч сенде уулум / Укта балам нинни-нинни/ Чоңой балам нинни-нинни» [1, 58-б.].

**1.5. Кичи пейилдик:** Мындай сапатка ээ адамды жөнөкөй деп аташат. Бул сапатка ээ адам өзүнүн кызматы, мартабасы боюнча төмөн тургандарга мен-менсинбейт [6, 112-б.]. «Менин кызым бай жердин келини / Бутунда алтын-күмүш жиптер менен тигилген бут кийим, такасы күмүш / Намаз кылат, Куран окуйт жаным кызым / Кең пейилдүү, түшүнөт кембагалдын акыбалын» [1, 85-б.].

**1.6. Бектик (Берилгендик):** Эн чоң жакшылык өзүн өстүргөн эне-атага жана улууларга кылынышы керек. Бул мисалда көрсөтүлгөндөй ар бир ата-эне жакшылык колунан келген, ишеничтүү уул-кыз тилейт: «Жолго чыктым жол ээн / Акча таптым жазуусуз / Жакшылык кыл ар-дайым уулум / Укта балам нинни-нинни/ Чоңой балам нинни-нинни» [1, 87-б.]. «Чигилдин кудугунда/ Чөптөр өсөт жээгинде / Менин кызым чоңойсун / Баралык чоң атасына» [5, 148-б.].

**1.7. Чынчылдык-түз жүрүү:** Адептүүлүктүн эң маанилүү белгилеринден бири түз жүрүү. «Талдай болуп өскүн нинни-нинни / Чынардай болуп бутактуу бол / Ак эмгек менен тапканыңды же, нинни- нинни» [1, 68-б.] «Бешик ырлары сеники болсун / Уйкуларга бөлөн / Адамдар сөзүңдү уксун / Укта балам укта / Чоңой балам чоңой» [1, 53-б.]. Бул мисалда ыр формасы менен туура сүйлөп түз жүрүү керек экендиги балага айтылган.

**1.8. Баатырлык-Эл-жерин сүйүү:** Илгертен бери эле жоокер калк болгон түрктөрдө баатырлык жана патриотизм эң ыйык сапаттардан деп эсептелинет. Балдар төрөлө электе эле ата журтка багышталган. Эркек балдарга баатырдык көрсөтпөстөн ат коюлган эмес [7]. «Ыргы, ыргы алтын топ / Бизде бар башкада жок / Бир колунда жаа / бир колунда жебе / Уктасын балам чонойсун, нинни-нинни» [1, 113-б.] «... Баардык куштар уруксат алып сайрашат / Шейит кеткен атаң келип бизди карап жатат / Жарасынан кызыл кан агып жатат / Укта балам сага курман болоюн / Сен укта, сага нинни деп айтайын / Кеч кирди, менин көңүлүмдү кайгы ээледи / Жетим балам кел отургун жаныма / Кел отур жанаша отуруп чогуу ыйлайлы» [1, 126-127-бб.]. «Оппа оппа... бул жерде / Байкем тайакем баары бул жерде / Ээр токулган ат короодо / Ээр да батпаган жүк бар анда / Менин балам атка минет / Атка минип аскерге кетет / Уктап уктап чоңойот / Чоң адам болот» [1, 32-б.]. Бул мисалда көрсөтүлгөндөй түрк коомунда эң ыйык милдет болгон аскерге барууну ымыркай кезинде балага ыр формасында жеткиргенге аракет кылышкан.

**1.9. Жардамга келүү:** Жардамга келүү жана колдоо көрсөтүү коомдук жашоонун бекем болушуна себеп болгон эң башкы руханий сапат. Жашоодогу баардык ойлоп табуулар, жакшы нерселер жардамдашуу менен болгондой эле баардык маселелер да жардамдашуу жолу менен чечилет. Инсандын алгачкы мугалими энеси жана инсан эң биринчи эне-атасына жардамга келүүсү керек: «Уулум, уулум жатат / Колун сонун кыймылдатып жатат / Эне мага жумуш барбы деп / Улам улам карап коёт / Укта балам укта нинни / Чоңой балам чоңой» [1, 58-б.].

Жыйынтыктап айтканда, өсүп жетилүү учурунда баланын мээрим көрүү, тамактануу жана уктоодон башка бир каалоосу болбойт; ал эми тарбиялоочу мааниге ээ ырлардын эң тазасы, эң тунугу, эң чынчылы болгон бешик ырлардын таасири балдардын аң-сезиминде өмүр бою калат. Бүгүнкү күндө балдарынын кээ бир кылык-жоруктарына капа болгон энелер убагында балдарына бере албаган мээрим, таалим-тарбия жана сүйүүнүн канчалык маанилүү экенин кечи-

рээк түшүнүп калышкан болот. Бүгүнкү күндө айрыкча чоң шаарларда жашоо ыргагынын тез ылдамдык менен өтүп жаткандыгына байланыштуу балдарына бешик ырларын ырдап берген энелердин саны азайган. Балдар керебеттердин жанына жайгаштырылган механикалык буюмдан чыккан жеңил музыканын ыргагында, эненин үнүнүн мээриминсезбестен чоңоюп жатышат. Келечектеги энелер өз энелеринден бешик ырын укпагандыгы, үйрөнбөгөндүгү үчүн бешик ырлары акырындап унутулуп бара жатат; сөзү, обондору жазылгандар кана сакталып жашоосун улантат [1, 10-б.]. Ааламдашкан дүйнөнүн төрт бурчуна тез эле жайылып бара жаткан көйгөйлөрдү чечүүдө адамдын тарбиясындагы алгачкы курал катары бешик ырларынын маанисин түшүнүү керек. Адам баласынын татыктуу тарбиялануусу менен өнүккөн коомдун гармонияда жашоосуна жете алабыз. Туура тарбиялоо процессинин бекем пайдулабы үчүн кулк-мүнөздү тарбиялоону эне сүтү сыяктуу аруу жана таза бешик ырлары менен башташыбыз керек.

**Адабияттар:**


1. Özdemir A. Ninnilerden Seçmeler. 4. Basım. - İstanbul: Bordo Siyah Yayınları, 2008.
2. Satıcıoğlu H. Halk Eğitiminde Alperenlik Ruhu. 2. Basım/ - Ankara: Eğitimde Birlik Derneği Kültür Yayınları, 2012.
3. Yillar Ö. Halk Bilimi ve Eğitim. - Ankara: Pegem Akademi Yayınları, 2010.
4. Doğan Y. “Etnopedagoji ve Dil Becerileri Eğitimi.” Uluslararası Sibirya ve Orta Asya Halklarının Etnopedagojik Mirası Kongresi, Kızıl, Tuva, Rusya Federasyonu: 8-12 Temmuz 2009.
5. Alişar F. Çiğil Türkleri ve Aşağıçiğil. 1. Basım. - Ankara: Aşağıçiğil Belediyesi Kültür Yayınları, 2005.
6. Hökelek H. Değerler Psikolojisi ve Eğitimi. - İstanbul: Timaş Yayınları, 2011.
7. Алимбеков А. «Коркут ата китеби» – көөнөрбөс педагогикалык мурас. Шоокум Журналы. No: 12. – Бишкек: Кыргызстан: 2008.
8. Элебесова Б.Б. Концепт «человек» в кыргызском и турецком фольклоре. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 3. С. 309-312.